## Окутуучу менен түзүлгөн эмгек келишими

Манас ш. "________" ____________ 202__ж.

"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин ректору, профессор Усенов Кеңешбек Жумабекович Уставдын негизинде иш алып барат, мындан ары "жумуш берүүчү" деп аталат жана жаран

____________________________________________________________________________

____________________________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты; илимий даражасы жана илимий наамы)

мындан ары "Окутуучу" деп аталат, бул эмгек келишимин төмөндөгүдөй түзүштү:

### 1. Эмгек келишиминин предмети

1.1. Окутуучу____________________________________________________________

(кызматтын аталышы)

______________________________________________________кызматына кабыл алынат.

(кабыл алынган структуралык бөлүмдүн аталышы)

1.2. Эмгек келишими (керексизди сызып салуу керек):

- негизги жумуш үчүн келишим;
- айкаштырып иштөө үчүн келишим.

1.3. Эмгек келишиминин мөөнөтү:

Иштин башталышы ________________________________________________.

Иштин бүтүшү____________________________________________________.

**Сыноо мөөнөтү 3 ай.**

### 2. Окутуучунун укуктары

2.1. Анын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө толук жооп берген жана окуу процессинин жогорку сапатын камсыз кылган окутуунун ыкмаларын жана каражаттарын тандоо.

2.2. ЖАМУнун Уставында белгиленген тартипте жабдууларды, лабораторияларды жана маалымат булактарын, ошондой эле жамааттык келишимге ылайык социалдык, медициналык жана башка структуралык бөлүмдөрдүн кызматтарын акысыз колдонуу.

2.3. Кесиптик ишмердүүлүгүн уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыздоого укуктуу.

2.4. Белгиленген тартипте университеттин, институттун, колледждин же башка структуралык бөлүмдүн окумуштуулар, педагогикалык кеңештеринде шайланууга жана шайлоого.

2.5. Иш берүүчүнүн буйруктарына мыйзамда белгиленген тартипте даттануу.

2.6. Эмгек мыйзамдарына ылайык башка укуктардан пайдалануу.

### 3. Иш берүүчүнүн укуктары

3.1. Окутуучу менен эмгек келишимин түзүү, өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бузуу.

3.2. Жамааттык келишим түзүү.

3.3. Окутуучуларды абийирдүү, эффективдүү ишке үндөө.

3.4. Окутуучудан эмгек милдеттерин аткарууну жана иш берүүчүнүн мүлкүн сыйлоону, Уставды, ички эмгек тартибин,Этикалык кодексти,жоболорду жана университет жетекчилигинин буйруктарын аткарууну талап кылуу.

3.5. Окутуучуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тартиптик жана материалдык жоопкерчиликке тартуу.

3.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктар.

### 4. Окутуучунун милдеттери

4.1. Билим берүү жөнүндө мыйзамдарда уставда жана жоболордо белгиленген талаптарга ылайык ээлеген кызмат орунунун функционалдык милдеттерин аткарылышын камсыз кылуу.

4.2. ЖАМУнун бардык жаңылыктарынан дайыма кабардар болуп туруу, расмий сайтында бардык жергиликтүү актылар жана Уставы жана жоболору менен таанышуу. Уставды, ички эмгек тартибин жана ЖАМУнун этикалык кодексин, ошондой эле жеке иш планын аткаруу.

4.3. Эмгек келишиминде жана окуу сабактарынын графигинде каралган жумуштарды жүзөгө ашыруунун жүйөлүү себептерден улам мүмкүн эместиги жөнүндө университеттин администрациясына (институт, кафедра, бөлүм,) өз убагында кабарлоо.

4.4. Квалификациясын системалуу түрдө жогорулатуу менен алектенүү.

4.5. Эмгек келишими токтотулган же бузулган учурда, кызматкер кыдырма баракчасын толтуруусу зарыл жана анын иш учурунда пайдаланып жаткан мүлк, материалдык баалуулуктарды, маалыматты топтоочу материалдык каражаттарды жана иш учурунда жасалган иш кагаздарды, документтерди иш берүү чүнүн өкүлдөрүнө өткөрүп берүү.

4.6. Кызматтык милдеттерди аткаруу. Жумуш талаптарын аткарбагандыгы үчүн тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

4.7.Мамлекеттин,облустун,шаардын,университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн деңгээлиндеги коомдук иш чараларга , анын ичинде ишембиликтерге (субботниктерге) активдүү катышуу.

**5. Иш берүүчүнүн милдеттери**

5.1. Бул эмгек келишиминде каралган окутуучунун эмгек акысын белгиленген мөөнөттө өз убагында жана толук төлөп берүү.

5.2. Эмгек келишиминде каралган окутуучунун милдеттерин ийгиликтүү аткаруу үчүн шарттарды түзүү.

5.3. Окуу процессин жана окуу пландарын уюштуруусунун бардык маанилүү өзгөрүүлөрү, жүктөмдөрдүн көлөмү, окуу планы ж.б. ЖАМУнун расмий сайтына,AVN тиркемесинде, вотсап жана башка байланышуу каражаттарында жайгаштыруу аркылуу окутуучуну кабардар кылуу.

5.4. Окутуучуну коопсуз иш чөйрөсү менен камсыз кылуу.

**6. Эмгек акы төлөө тартиби**

6.1. Иш берүүчү окутуучуга мыйзамга жана жергиликтүү укутук актыларга ылайык эмгек акы төлөйт.

6.2.Кошумча төлөмдөр жана үстөктөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана локалдык актыларына ылайык төлөнөт.

6.4. Эмгек акы тарифик-квалификациялык тизмеге ылайык айына бир жолу төлөнөт.

**7. Эмгек жана эс алуу шарттары**

7.1. Жумуш күнүнүн ичинде окутуучунун иштөө убактысы жана эс алуу режими ички эмгек тартибинин эрежелери жана локалдык актылары менен же университеттин администрациясы менен макулдашуу боюнча белгиленет.

7.2. Окутуучунун иштөө убактысынын узактыгы жеке план менен белгиленет жана жумасына 36 сааттан ашпашы керек.

7.3. Иш берүүчү окутуучуга жыл сайын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык негизги акы төлөнүүчү эмгектик өргүү берет.

7.4. Эмгектик өргүү убактысы эмгектик өргүү графигине ылайык белгиленет.

7.5. ЖАМУнун профессордук-окутуучулук курамынын квалификациясын жогорулатуу семинарларда, окуу курстарында, конференцияларда ж.б. иш чараларда катышуу менен жүзөөгө ашырылат.

**8. Корутунду жоболор**

8.1.Тараптар бул эмгек келишиминин шарттарын аткарбаганы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

8.2. Эмгек келишими бирдей юридикалык күчкө ээ эки нускада түзүлөт, анын бири жумуш берүүчүдө сакталат, экинчиси окутуучунун өзүндө калат.

8.3. Эмгек келишими Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде каралган негиздер боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн.

8.4. Бул эмгек келишиминин шарттары тараптардын макулдашуусу боюнча өзгөртүлүшү жана (же) толукталышы мүмкүн. Шарттарга өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор эмгек келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген кошумча келишим менен таризделет.

| | |
|---|---|
| ЖАМУнун ректору,<br>тех.и.д., проф. К.Ж.Усенов<br>___________________________<br>мөөр орду<br>«___»___________202__-ж. | Окутуучу<br>аты-жөнү_________________________<br>кол тамгасы________________________<br>адреси____________________________<br>__________________________________<br>«______»_________________202___-ж. |